**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги**

**Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

Д.12.12.018 Диссертациялык кеңеши

*Кол жазма укугунда*

**УДК: 347.265.8 (575.2)(043.3)**

**Кармышаков Мирбек Абдикаримович**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ТРАНСПОРТ- ЭКСПЕДИЦИЯЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮНҮН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

12.00.03 – жарандык укук; ишкердик укук; үй-бүлөлүк укук;
эл аралык жеке укук

Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек - 2013**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик юридикалык институттун Жарандык укук жана процесс кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** юридика илимдеринин доктору, профессор
**Арабаев Чолпонкул Исаевич**

**Расмий оппоненттер:** юридика илимдеринин доктору, доцент
**Джандарбек Бауыржан Абылкасымулы**

юридика илимдеринин кандидаты
**Рыскулов Шерик Дуйшембекович**

**Жетектөөчү мекеме:** Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институнун укук бөлүмү
Дареги: Бишкек шаары, Чүй проспекти 265/а.

Диссертациялык иш 2013-жылдын 30-мартында саат 14.00 дө Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.12.12.018. диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: Бишкек ш., Киев көчөсү, 132, №2-корпус, Юридикалык институт, ауд. № 209.

Диссертация менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720024, Бишкек шаары, Жибек-Жолу көчөсү, 394, 8-корпус.

Автореферат 2013–жылдын "___"_____________ таратылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
юридика илимдеринин кандидаты Токтобаев Б.Т.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилденүүчү теманын актуалдуулугу.** Кыргыз коомчулугунун жашоо-тиричилигиндеги ар түрдүү социалдык-экономикалык, саясий, маданий чөйрөлөрдөгү болуп жаткан өзгөрүүлөр – коомдук мамилелердин укуктук жөнгө салынышын, анын ичинде транспорт экспедиция келишимин жөнгө салууну, өзгөртүү зарылдыгын шарттады.

Бүгүнкү күндө, биздин коомдо транспорт экспедициясы кызматы рыногун либералдаштыруу, анча көп эмес убакыттан бери жүргөндүгүнө байланыштуу, ички рынокко гана мүнөздүү ар кандай транспорттун түрү аркылуу, транспорт-экспедициялык тейлөө чөйрөсүндө, өнүккөн укуктук каада салт жок болгондугуна байланыштуу, эл аралык укуктук каада-салттардын Кыргызстандын ичиндеги транспорт экспедициясы укуктук мамилелерине тийгизген таасирин терең талдоого алуу изилденүүчү теманын маңызын чагылдыруу үчүн керек.

Андан сырткары, Кыргызстан жүк ташуу боюнча бир канча эл аралык негизги конвенциялардын катышуучусу болбогондуктан, Кыргыз Республикасында транспорт экспедициялык кызматын көрсөтүү жөнүндө жаңы мыйзамды кабыл алуу аркылуу, жүк ташуу жана экспедитордук кызмат көрсөтүү шарттарын, эл аралык конвенцияларга кошулбай туруп, жакындаштырууга мүмкүндүк берет.

Учурда транспорт экспедициясы укуктук институт катары Кыргызстан укуктук системасында орун алып, аны колдонуу тажрыйбасында анын ийгиликтери менен катар бир топ жетишпестиктери да байкалууда. Алгачкы ирет 1999-жылдын 21-июлунда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин (өзгөчө бөлүмү) 33-бөлүмү транспорт экспедициясы келишимин өз алдынча жарандык-укуктук келишим катары жөнгө салат. Ошондо да транспорт экспедициясын көптөгөн жагдайлары жана өңүттөрү Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодекси жана башка мыйзам актылары менен толук жөнгө салынган эмес. Ушуга байланыштуу транспорт экспедициясы келишиминин жарандык жана транспорттук мыйзамдар менен жөнгө салынгандыгына карабастан, транспорт экспедициясы келишимин транспорттук кызмат көрсөтүү тармагындагы акылуу кызмат көрсөтүү жөнүндөгү башка келишимдерден айрымалоо, экспедитордун укуктук абалы менен жоопкерчилигин жана дегеле жалпылап караганда транспорт экспедициясы келишиминин жарандык укуктук тутумундагы ээлеген ордун аныктоодо бир топ кыйынчылыктар жаралат.

Кыргыз Республикасында транспорт-экспедициялык кызматты укуктук жөнгө салуунун бир өңчөй теориялык жана мыйзамдык базасынын жоктугу, укукту колдонуу тажрыйбасында тоскоолдуктарды жаратып келет. Транспорттук кызмат көрсөтүү тармагында кызматтын бул түрү көп жылдан бери ишке ашырылып келе жаткандыгына карабастан, транспорттук экспедициялык мамилелер тийиштүү деңгээлде укуктук жөнгө салынбай келе жаткандыгы бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасында транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүүнү укуктук жөнгө салууну диссертациялык изилдөө темасы катары тандагандыгыбыз жана анын актуалдуулугу төмөндөгүдөй себептер менен түшүндүрүлөт: транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүүнүн бирдиктүү аныктамасынын жоктугу, анын теориялык негиздери калыптана электиги; экспедитордун ташуучу жана оператор катары укуктук абалы мыйзам тарабынан аныкталбагандыгы; Кыргыз Республикасындагы транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы негизин түзүү зарылдыгы; сырткы экономикалык мамилелер чөйрөсүндөгү транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүү мамилелерин жөнгө салган бирдиктүү эларалык укуктук актылардын жоктугу; ата-мекендик экспедиторлордун иш тажрыйбасында колдонулуучу документтердин мыйзамдаштырылбагандыгы; экспедитор менен кардардын укугу жана милдеттери жөнүндө, экспедитор-ортомчу жана экспедитор ташуучунун жоопкерчиликтерин бөлүп кароо, доолорду жөнгө салууга байланыштуу мыйзамдагы кемчиликтердин болуусу. Ушул көрсөтүлгөн жагдайлар, изилденүүчү көйгөйдүн негиздүүлүгүн көрсөтөт жана алдын ала диссертациянын темасын аныктоого түрткү болду.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий-изилдөө иштер менен байланышы.** Изилдөөнүн теориялык негизи болуп каралып жаткан көйгөйгө арналган советтик, кыргыз, орус, казак илимпоздордун эмгектери, транспорт экспедиция келишими түшүнүгүнө арналган маселелерди, ушул келишим боюнча тараптардын жоопкерчилигин чагылдырган ар кандай басылмалардагы жарыяланган макалалар болду.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Жалпы келишимдер тутумундагы транспорт экспедициялык келишим түшүнүгү, тараптардын келишимди тийиштүү аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик өзгөчөлүктөрүнүн теориялык жана тажрыйбалык маселелери боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү бул иштин негизги максаты болуп эсептелет.

Бул максат төмөндөгү милдеттерге токтолууну шарттады:

- транспорт экспедициялык келишимдин өзөгүн аныктоо жана анын мүнөздүү белгилерин көрсөтүү;
- транспорт экспедициялык келишимдин шарттары жана аны түзүүдөн келип чыккан мамилелерди изилдөө;
- транспорт экспедициялык келишим жана аны аткарбоочулук же тийиштүү деңгээлде аткарылбагандыгы үчүн жоопкерчилик жөнүндө, аны колдонуудагы мыйзамдардын нормаларын талдоо;
- жарандык укуктук жоопкерчиликтерди аныктоо, транспорт экспедициялык келишимдин тараптарынын жоопкерчилигинин өзгөчөлүгү;
- жогорудагы айтылгандардын негизинде келечектеги транспорт экспедициялык ишмердүүлүк жөнүндөгү мыйзамга сунуш жана пикирлерди иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодекси кабыл алынгандан соң, транспорт экспедициялык келишимдин мазмунуна жана бул келишим боюнча тараптардын жоопкерчиликтеринин өзгөчөлүгүнө байланышкан көйгөйлөрдү изилдөөгө арналган биринчи комплекстүү изилдөө болгондугунда.

Келишим боюнча экспедиторлордун жана кардарлардын жоопкерчилигине тиешелүү көйгөйлөрдүн татаал жана көп кырдуу экендигин эске алып, автор бул тематика боюнча бардык маселелерди кароого умтулган эмес. Диссертация теоретикалык жана тажрыйбалык зор мааниси бар, эң маанилүү маселелерди изилдөөгө арналган.

**Диссертациянын тажрыйбалык мааниси** негизги корутунду жана сунуштарды мыйзам чыгаруу, укук колдонуу, илимий жана билим берүү ишмердүүлүгүндө, тактап айтканда, мамлекеттик бийликтин тийиштүү органдарында нормативдик-укуктук актылардын долбоорун даярдоо ишинде, тийиштүү соттордун транспорт экспедициясы келишимине байланыштуу тартыш маселени кароодо, транспорттук процессте экспедитордук тейлөөнү ишке ашырган коммерциялык ишканалардын тажрыйбалык ишмердүүлүгүндө, ошондой эле, жарандык жана ишкердүүлүк укугун окутуу тажрыйбасында колдонууга мүмкүн болгондугу менен мүнөздөлөт.

Изилдөөнүн теоретикалык-усулдук жана нормативдик базасы. Диссертациянын жоболору жана корутундулары транспорт экспедициялык келишимди жөнгө салууга байланышкан Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин, транспорттун ар кандай түрү менен жүктөрдү ташууну ишке ашыруу боюнча мамилелерди жөнгө салган транспорттук уставдар жана кодексттер, анын ичинде Франция, Германия, Финляндия,

Швеция, Норвегиядагы транспорт экспедициясын нормативдик укуктук жөнгө салуунун тажрыйбасы, экспедиторлор коомдоштугунун эл аралык Федерациясы (ФИАТА), эл аралык аба транспорту ассоциациясы (ИАТА) тарабынан иштелип чыккан эл аралык макулдашуулар, өз ишмердүүлүгүндө пайдаланылуучу (ЮНКТАД, МТП, МГСА, КДПГ, МДП ж.б.) эрежелери, эл аралык транспорттук жана эл аралык жеке укуктун нормалары, каралып жаткан маселеге тиешелүү КРнын өкмөтүнүн нормативдик актылары, эл аралык нормаларды изилдөөгө негизделет.

**Диссертант тарабынан коргоого төмөндөгү теориялык жоболор жана корутундулар коюлат:**

1. Кыргыз Республикасында транспорт-экспедициялык кызмат көрсөтүүнү ишке ашыруунун тажрыйбасын жана иштеп жаткан ченемдик-укуктук актыларга анализ жүргүзүүнүн негизинде, ошондой эле экспедитордук уюмдардын ишмердүүлүгүнүн эларалык-укуктук негиздерин эске алуу менен транспорт-экспедициялык кызмат көрсөтүүнүн мазмунуна комплекстүү илимий изилдөө жүргүзүү, анын элементтерин жана олуттуу шарттарын ачып көрсөтүү.
2. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы Жарандык Кодексинин 718-беренесинде транспорт-экспедициялык кызмат көрсөтүү - негизги жана кошумча кызматтардан турат деп айтылат, бирок мындай бөлүүнүн критерийи көрсөтүлгөн эмес. Ошондуктан, транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүүнүн укуктук табиятына таянып укуктук жана накталай кызматтардан турат деп өзгөртүү сунушталат. Мындай бөлүштүрүү критерийин жаңы мыйзамда караштырып коюу керек.
3. Транспорт-экспедициялык келишим өз-алдынча транспорттон ажырым болушу мүмкүн эмес. Ошондуктан, транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүүлөрдү өзүнчө жарандык-укуктук милдеттенмелерден өзгөчөлөнгөн – транспорт экспедициялык келишим аркылуу жөнгө салуу сунушталат.
4. Биздин өлкөдөгү транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүү чөйрөсүн өнүктүрүүнү кубаттап-колдоо үчүн аралаш (мультимодалдык) ташууну өнүктүрүү зарыл. Эл аралык ишкердүүлүк чөйрөсүндө калыптанып калган адаттардын негизинде атайын ченемдик актыны кабыл алуу сунушталат. Мында, олуттуу түрдө аралаш ташуу келишими каралып чыгат жана аралаш ташуулардын оператор-экспедиторунун укуктук статусу аныкталат.
5. Укуктук адабияттарды өздөштүрүүнүн негизинде жана андагы транспорт экспедициялык келишиминин классификациясына талдоо жүргүзүүнүн негизинде келишимдин автордук классификациясы сунушталат.

6. Транспорт экспедициялык келишим транспорттун ар-кандай түрү менен ишке ашырылгандыктан, аны конкреттүү укуктук жана экономикалык белгилерине карабастан транспорт экспедициялык милдеттенмелер тобуна кошуу сунушталат.
7. Транспорт экспедициялык ишмердүүлүктү толук кандуу жөнгө салууну камсыз кылуу максатында жана тышкы экономикалык катнаштарда экспедитордук кызмат көрсөтүүнү аркалаган улуттук экспедиторлордун кызыкчылыктарын коргоо үчүн “Транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүү жөнүндө” жаңы мыйзамды кабыл алуу керектиги сунушталат.
8. Транспорт экспедициялык келишимдин жалпы мүнөздүү белгилерин ачып көрсөтүү ошондой эле, анын башка келишимдерден; сактоо, комиссия, тапшырма жана агенттик келишимдерден олуттуу айырмачылыгын белгилөө.

Диссертациянын теориялык мааниси транспорт экспедициялык келишим мисалында, келишимдер теориясынын түшүнүктөр аппаратын өнүктүрүүгө кошкон салымы, транспорт экспедициялык келишимдин өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү, негиздөө аркылуу жана транспорт экспедициялык келишимдин предметин заманбап илимий түшүнүгүн тактоо аркылуу аныкталат.

**Изденүүчүнүн жекече салымы**. Диссертация өз алдынча аткарылган илимий изилдөө болуп эсептелет. Изденүүчүнүн юридика илимине кошкон салымы изилденүүчү теманын жаңылыгы менен аныкталат жана транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүүнү укуктук жөнгө салуудагы актуалдуу жана көйгөйлүү маселелерди чечүүгө багытталгандыгы менен негизделген. Илимий изилдөөлөрдүн негизинде алынган натыйжалар диссертацияда чагылдырылган жана илимий макалаларда жарыяланган.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы**. Диссертация Ош мамлекеттик юридикалык институтунун “Жарандык укук жана процесс” кафедрасында даярдалып жана талкуудан өттү.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышы.** Диссертацияда келтирилген негизги илимий жоболор, теоретикалык корутундулар жана илимий-тажрыйбалык сунуштар сегиз илимий макалада чагылдырылган.

**Изилдөө ишинин курамы жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, эки бөлүмдөн, жети параграфтан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

## Иштин негизги мазмуну

Киришүүдө диссертациялык изилдөө темасынын актуалдуулугу негизделет, анын максаты жана маселелери, илимий негиздүүлүгүнүн деңгээли чечмеленет, иштин илимий жаңылыгы жана тажрыйбалык мааниси чагылдырылат, ошондой эле, коргоого коюлуучу жоболор келтирилет жана изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо жөнүндө маалымат берилет.

**Биринчи бөлүм** “Кыргыз Республикасындагы транспорт-экспедициялык кызмат көрсөтүүнүн укуктук негиздеринин теориясы жана практикасы” деп аталып, төрт параграфтан турат.

**Биринчи параграф** “Транспорт экспедиция келишими боюнча кызмат көрсөтүүнүн укуктук негизи жөнүндө түшүнүк теориясы жана анын укуктук табияты”, мында транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүүнүн укуктук табияты, максаты, маныздуулугу көрсөтүлөт, анын түптөлүшү жана калыптанышы, жүктөрдү ташууну уюштуруу боюнча кардалга кызмат көрсөтүү жөнүндө кесипкерлик кызмат экендиги аныкталат. Транспорт-экспедициялык мамилелердин обьектиси болуп транспорт-экспедициялык кызмат көрсөтүү болуп эсептелинет [Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 22-статьясы.].

Транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүү, товарды өндүрүүчүдөн керектөөчүгө чейин жеткирүүнүн курамдуу бөлүгү катары ташуу мамилелеринин башталышы, улантылышы жана аякташы үчүн маанилүү болуп эсептелинген негизги жана кошумча кызматтардын ишке ашырылышын камтыйт.

Кыргызстандын пландуу экономикадан нарк (базар) экономикасына өтүүсү, экспедитордук бизнестин пайда болуусуна негизги фактор болуп берди.

Азыркы кезде Кыргыз Республикасында транспорт-экспедициялык кызматты укуктук жөнгө салуунун ыңгайлуу теориялык жана укуктук базасынын жоктугу, укуктук практикада колдонуу тажрыйбасында көйгөйлөрдү жаратты.

Транспорт экспедиция келишими эки жактуу жана акы төлөнүүчү келишим болуп саналат жана мындай келишим консенсуалдуу болушу мүмкүн, эгерде экспедитор экспедиция кызматын аткарууну уюштурса жана ага ишенип берилген жүктү ташып жеткирүүнү аткарса (экспедитор болуп, жүк ташуучу катышса) анда мындай келишим реалдуу болушу мүмкүн.

Экспедитор тарабынан ишке ашырыла турган транспорттук кызматтар, адабиятта, негизги жана кошумча болуп бөлүнөт [Гражданское право. Том 2. Учебник/ Под. ред. А.П.Сергеева, Ю.К.Толстого. М.: «ПРОСПЕКТ», 1998. – 784 с.]. Бирок Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодекси негизги жана кошумча түрлөргө бөлүү негиздерин ачык атабайт, транспорт экспедициясынын келишими боюнча ташууга байланыштуу кызматтар ишке ашырылат деп айтылат, ал эми алардын кайсынысы укуктук же накталай кызмат деп эсептелингенин аныктабайт. Мыйзам чыгаруучу «негизги» жана

«кошумча» кызматтардын тизмесин чектебөө менен экспедитордук кызматтын башка түрлөрүн көрсөтүү мүмкүндүгүн караштырат.

Ошондуктан, укуктук жана накталай кызматтарды бири биринен ажыратып кароо үчүн мыйзам аркылуу, ошондой бөлүштүрүүнү карап чыгуу маанилүү деп эсептейбиз.

Менчиктин түрүнө карабастан, транспорттун бардык түрүн пайдаланып транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатууга, ушул тармакты сертификациялоону ишке ашыруу өзүнүн оң натыйжасын берет. Ал үчүн, кызмат көрсөтүү сапатын баалоонун көрсөткүчтөрү катары мамлекеттик стандарттарды түзүү, аны менен катар транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүүнүн бирдиктүү эрежелерин кабыл алуу зарыл.

Жыйынтыктап айтканда, транспорт экспедиция келишими боюнча кызмат көрсөтүүнүн укуктук негизи жөнүндө түшүнүк теориясы жана анын укуктук табияты учур талаптарына жооп бербей, жүктү ташууну уюштуруу боюнча транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүүлөр керектөөчү-кардарлардын суроо-талаптарына карай өзгөрүп, жаңырып тургандыгына байланыштуу биздин жеке пикирибиз боюнча, транспорт экспедициялык кызматтын төмөнкүдөй түшүнүк теориясы аныкталат: **«Транспорт экспедициялык кызмат – бул экспедитор тарабынан ишке ашырылуучу, укуктук жана накталай аракеттерден турган кызмат деп аталууга тийиш».**

**Экинчи параграф** “Экспедитордун укуктун субьектиси катары транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүүдөгү укуктук абалы” деп аталып, экспедитордун жарандык укуктук келишимдердин тарабы катары ар-түрдүү сыпаттагы укуктук абалы талдоого алат.

Экспедитордук компаниялар кардарга транспорттун ар кандай түрү менен ташууну кошо алганда, экспедитордук жана логистикалык кызматтарды толугу менен ишке ашырат жана кардардын башка да талаптарын канааттандырууга адистештирилген.

Экспедиторлор аткара турган кызматтарына карай БУУнун Соода жана өнүгүү жөнүндө конференциясы (ЮНКТАД) төмөндөгүдөй укуктук абалды аныктаган: экспедитор – ишеним алуучу (өкүл); экспедитор – комиссионер; экспедитор – коюучу жайдын ээси, жүктөрдү сактоочу; экспедитор – транспорт каражаттарын ижарага берүүчү; экспедитор – ташуучу [Плужников К.И. //Глобализация в системе транспорта. М.: Росконсульт, 204. – 258 с, 180 б.]. Ушунун негизинде, экспедитордун аткарган кызматтарына, укук жана милдеттерине талдоо жүргүзүү аркылуу анын укуктун субъектиси катары, транспорт экспедиция кызмат көрсөтүүдөгү укуктук абалын аныктап алууга аракет жасалат.

Кыргыз Республикасында транспорттук кызмат көрсөтүү чөйрөсүн мындан ары өркүндөтүү үчүн аралаш (мультимодалдык) ташууну өнүктүрүү зарыл. Ал үчүн бүгүнкү жашоонун талабына ылайык, эл-аралык ишкердүүлүк кызмат чөйрөсүндөгү калыптанган адаттарды негиз кылып,

аралаш ташуу оператор-экспедитордун укуктук абалын аныктай турган, аралаш ташуу келишимин олуттуу түрдө караштырган атайын мыйзам кабыл алуу керек.

Жогоруда келтирилген тийиштүү негиздемелердин натыйжасында, жарандык мыйзамдарда каралган келишим түзүү эркиндигин, диспозитивдик нормалардын ылайыктуулугун, ошондой эле, транспорт экспедиция кызматы ар түрдүү мүнөздө түзүлсө боло тургандыгын эске алуу менен экспедитордун укуктун субъектиси катары транспорт-экспедиция кызмат көрсөтүүдөгү укуктук абалы экспедитор менен кардардын ортосундагы түзүлгөн келишим менен аныкталат деген тыянакты чыгарууга болот.

**Үчүнчү параграф** “Кыргыз Республикасындагы транспорт-экспедициялык кызмат көрсөтүүнү укуктук жөнгө салууда үлгү эрежелердин мааниси жана зарылдыгы” деп аталып, ал транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүүнүн укуктук негиздерин жана анын учурдагы көйгөйлөрүн аныктоого арналган. Транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүүнүн нормативдик-укуктук базасынын түптөлүшүнө ФИАТАнын үлгү эрежелеринин аткаркан ролу талдоого алынат.

Учурдагы транспорт экспедициялык кызмат мамилелерин укуктук жактан жөнгө салуудагы кемчиликтерди кескин азайтуу, керек болсо аны түп тамырынан бери жоюу үчүн дүйнөлүк практикада колдонулуп келген ишкердүүлүк чөйрөсүндөгү адаттар, тактап айтканда улуттук экспедитордук эрежелер аркылуу чечүүгө боло тургандыгы негизделет.

Транспорт экспедициясынын эл аралык, улуттук жалпы эрежелерин кабыл алуу тажрыйбасы Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин пайда болуп, көптөгөн Европалык өлкөлөрдө кабыл алынган. Ал эми өз убагында СССР мамлекети транспорт экспедициясынын эл аралык улуттук жалпы эрежелерин укуктук документ катары тааныган эмес.

Экспедиторлор коомдоштугунун эл аралык Федерациясы (ФИАТА) башка эл аралык уюмдар жана институттар менен биргелешип, өзгөрүп, өнүктүрүлүп турган ташуу келишиминин талаптарына жооп берген стандарттар менен эрежелерди аныктайт жана ар кандай тийешелүү сунуштарды иштеп чыгат [Типовые экспедиторские правила ФИАТА от 2 октября 1966 г./ Каракас. МФЭА. 1966.].

Үлгү эрежелер нормативдик мүнөзгө ээ эмес жана укуктун булагы катары колдонулбайт. Ошондой болсо дагы, мындай үлгү эрежелер эл аралык тажрыйбада, мамлекеттин колдонуусундагы мыйзамдарына же жалпы экспедитордук эрежелерге таасир тийгизе албайт, жөн гана аларга шилтеме жасаганда мыйзамдуу күчкө ээ болуу менен эл аралык экспедитордук кызмат көрсөтүү үчүн гана эмес, мамлекеттин ичинде ишке ашырылуучу экспедитордук кызматтарга да колдонулат.

Кыргызстандык экспедиторлордун кызыкчылыктарын коргоо үчүн, транспорт экспедициялык кызмат тууралуу мыйзамдын азыркы учурда аба менен суудай керек экендигин баса белгилеп, анын долбоорун иштеп

чыгууда, ФИАТА тарабынан сунушталган “үлгү эрежелерди” негиз кылып алуу, зарыл деп эсептеп, “Транспорт-экспедициялык ишмердүүлүк жөнүндө” мыйзам долбоору сунуш катары киргизилген.

**Төртүнчү параграф** “Транспорт экспедициясы кызматынын эл аралык укуктук негиздери жана андай укуктук актылардын Кыргыз Республикасында колдонулушу” деп аталып, эл аралык транспорт экспедициялык укук мамилелеринин маселелерин караштыруунун башкы себептерин аныктап, анын азыркы эл аралык экономикалык катнаштарда кандай ролду аткаргандыгы изилдөөгө алынат. Транспорт экспедициясы кызматынын укуктук жөнгө салуудан келип чыккан маселелердин маанилүүлүгүнө укуктук анализ жүргүзүлөт. Транспорт экспедициялык мамилелердин эл аралык сапатын мүнөздөөчү өзгөчө жана атайын белгилерине токтолот.

Кыргыз Республикасынын баш мыйзамы болгон Конституцияга токтолуу менен андагы транспорт экспедициялык ишмердүүлүктүн укуктук негиздерин аныктаган нормаларга талдоо жүргүзүлөт. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын жарандык кодексинин каралып жаткан мамилелерди жөнгө салган нормалардын мааниси жана анын эл аралык нормалар менен катнашы көрсөтүлөт.

Эл аралык деңгээлде азыркы мезгилге чейин транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүүнү укуктук жактан жөнгө салган, бир өңчөй биргелешкен акт кабыл алына электигин эске алуу менен, мындай көйгөйлөргө байланышкан иш чаралар буга чейин жүргүзүлгөндүгүн айтып, кээ бир эл аралык нормалар талдоого алынат. Кыргызстан эл аралык деңгээлде транспорттун жеке түрлөрү боюнча бирнече эл аралык келишимдерге кол коюлуп, аларга атайын адабияттарда «транспорттук конвенциялар» деген ат берилген.

Эл аралык мамилелерде транспорттук уюмдардын кызматын ар тараптуу өнүктүрүүгө кызыкдар мамлекеттер, жүктөрдү ташуунун бир тектүү жагдайларын киргизүү жана соода максатында деңизде, кургак жана аба жолу байланыштарын, башка дагы негизги көйгөйлөрын жөнгө салуу максатындагы Кыргызстан үчүн маанилүү болгон эл аралык нормалар каралат. Алар “Транзит макамы менен эркиндиги тууралуу 1921-жылы Барселонада кабыл алынган Конвенция”, «КМШга катышкан мамлекеттердин транспорт экспедициялык кызматтар рыногунда, транспорт экспедициялык ишмердүүлүгүн ишке ашыруунун тартиби жана шарттары жөнүндө Конвенциянын» долбоору ж.б.

Транспорт экспедициясы кызматынын эл аралык укуктук негиздери жана андай укуктук актылардын Кыргыз Республикасында колдонулушу боюнча биздин өлкөнүн аймагы аркылуу автотранспорт каражаттарынын транзиттик өтүүсү, жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү, дегеле эл аралык байланыш багытыбоюнча маселени иликтеп кароо максатында Кыргыз Республикасынын «Транспорт жөнүндө» мыйзамы жана ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан чечилген уруксат берүү ишмердүүлүгү боюнча кабыл алынган чечими да илимий иликтөөгө алынган.

Эл аралык транспорт-экспедициялык кызмат көрсөтүүнү укуктук жөнгө салууну жалпылаштыруунун максаты – эл аралык транспорт экспедициялык милдеттенмелердин жалпы моделин куруу. Ушул жагдайда жүктөрдү эл аралык ташуу боюнча транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүүнүн эрежелерин камтыган конвенцияны кабыл алуу зарыл. Конвенцияда төмөндөгүдөй эрежелерге басым жасоо керек: экспедитордук документтерди берүү шарттары менен тартиби; экспедитордун укуктук мертебеси; экспедитор менен кардардын милдеттери жана жоопкерчиликтери, эң башкысы жаңы конвенциянын негизине диспозитивдик – укуктук жөнгө салуу ыкмасы сөзсүз болуусу керек деген ой менен параграфтагы илимий талдоо жыйынтыкталат.

**“Транспорт экспедициясынын келишими жөнүндө укуктук жалпы мүнөздөө, келишимдин колдонулушу боюнча укуктук көйгөйлөр” аттуу экинчи бөлүм** үч параграфтан турат.

**Биринчи параграф** “Транспорт экспедиция келишими жөнүндө түшүнүк жана келишимдин классификациясы” деп аталып, транспорт экспедиция келишиминин түшүнүгү чечмелөөгө арналат. Бул келишимдин шарттарынын маанисин ачып көрсөтүү менен аны өзгөчөлөнткөн кээ бир мүнөздөмөсү баяндалат.

Жарандык укуктук келишим катары жалпы мүнөздөмөсү, транспорт экспедициясы келишими консенсуалдуу, эки жактуу, акы алынуучу келишим болуп эсептелинет. Транспорт экспедициясы келишими кызмат көрсөтүү боюнча келишимдер тобуна кошулат.

Кызмат көрсөтүү - бул буюмдук (материалдык) натыйжа бербеген аракет. Албетте, ошол эле учурда белгилүү натыйжага алып келет, бирок жаңы буюмду жаратуу же кайра иштеп чыгуу түрүндө эмес. А кызмат көрсөтүүнүн аны аткарууда керектелүүчү эффекти жөнүндө айтуу туура болот. Мындай буюмдук эмес натыйжа болуп, жүктү жөнөтүү же кабыл алуу, жүктү кабыл алуучуга жеткирүү эсептелинет.

Транспорт экспедициясы келишими жарандык жана транспортко тиешелүү башка мыйзамдар менен жөнгө салынгандыгы аныкталат.

Дүйнө жүзүндөгү мамлекеттерде транспорт экспедициялык келишиминин ар түрдүү аныкталгандыгы жөнүндө айтууга болот: транспорт экспедициясы келишими Францияда – комиссия келишиминин түрү; Италияда – тапшырма келишиминин түрү; Германия менен Японияда – өз алдынча келишим; Испания, Португалия жана Латын Америкасы өлкөлөрүндө – ташуу келишиминин түрү; Англия менен АКШда – агенттик келишим катары таанылат [55, 34 б.].

Коңшу мамлекеттердин укуктук адабияттарына кайрыла турган болсок, анда Казахстандык Г.И. Төлеугалиевдин илимий талдоолорун атоого болот жана бул маселе боюнча убагында мындай деген: «транспорт экспедиция келишими өз алдынча жана өзгөчө кошумча-транспорт келишими болуп эсептелинет».

Транспорт экспедициясы келишими бир гана комиссия же тапшырма келишимдерине таандык белгилерге ээ болбостон, ошону менен катар ташуу, подряд келишимдеринин элементтерин да камтыйт жана алар жалпы окшоштуктарга ээ деп айтууга болот. Бул жалпы окшоштуктун болушунун себеби, аталган келишимдер кызмат көрсөтүү жөнүндө келишимдердин тобуна кирет. Кийинки дагы бир окшоштугу – алардын ар биринде милдеттүү жак, контрагенттин тапшырмасы боюнча аракет жасайт.

Транспорт экспедициясы келишими ачык келишим болуп эсептелинбейт деген корутунду айтылат.

Кээ бир учурларда транспорт экспедициясы келишимин кошулуу келишими катары карасак болот.

Транспорт экспедиция келишими жөнүндө түшүнүк жана келишимдин классификациясы боюнча жүргүзгөн илимий талдоону жыйынтыктап айтканда транспорт экспедициясы келишиминин предметин укуктук жана накталай мүнөздөгү кызматтар түзөт, ал эми транспорт экспедициясы менен ташуу келишимдерин ар дайым өз алдынча жарандык укуктук келишимдер деп атоого болот. Транспорт экспедициясы келишимине экспедитордун жүктү ташуу милдеттемеси кошулган учурда, мындай келишим аралаш келишим болуп эсептелинет деген тыянак чыгарылат.

**Экинчи параграф** «Транспорт экспедициясы келишиминин мазмуну жана ага байланыштуу болгон укуктук көйгөйлөр» транспорт экспедиция келишиминин тараптарынын укуктары жана милдеттеринин жыйындысы анын мазмунун түзөт. Ошондуктан алардын ар биринин өзгөчөлүктөрүн эске алып терең талдоо жүргүзүлөт.

Транспорт экспедициясы келишими ачык келишим болбогондуктан, тараптар келишимдин шарттарын аныктоодо ыктыярдуу болот.

Келишимдин тараптары – кардар менен экспедитордун мамилеси Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 33-главасынын эрежелери менен жана тараптардын өз ара макулдашуусу менен аныкталат. Мындай милдеттеменин мазмуну келишим боюнча кардардын экспедиторго берген тапшырмасынын мүнөзүнө көз каранды болот. Айрыкча, экспедитор милдеттүү болгон аткарылууга тийиш кызматтардын көлөмү менен сапаты, түрлөрү, толук же толук эмес транспорт экспедициялык кызматтарга жана башка факторлорго байланыштуу болот.

Келишим тараптарынын кызматташуусунун эң алгачкы баскычы болуп же экспедитордун милдеттеринин бири катары кардарга кенеш берүү деп айтса болот. Анын маңызы экспедитор тарабынан кардарга берилүүчү сунуштар: келишимдердин транспорттук шарттарын түзүү боюнча, транспорт каражаттарынын түрүн тандоо, ташуу каттамын аныктоо менен түшүндүрүлөт. Мындай кызматташуунун мааниси, аталган факторлорду туура тандаган учурда, кардардын чыгымдарын азайтууга шарт түзгөндүгүндө.

Жүктү ташып жеткизүү, аны жүктөө, түшүрүү милдеттери түзүлө турган транспорт экспедициясы келишминин түрүнө карай тараптар менен макулдашуунун негизинде аныкталат.

Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 718-беренесине ылайык, жүк жөнөтүүчүнүн макулдугу менен экспедитор анын кызыкчылыгын, тарифтердин деңгээлин жана жеткирүү мөөнөтүн эске алуу менен жөнөтүүчүнүн жүгүн транспорттун кайсы түрү менен ташууну өзү белгилей алат.

Эл аралык транспорт экспедициясы келишими боюнча экспедиторго жүктөрдү ташуу үчүн эл аралык транспорттук документтерди толтуруу милдети жүктөлөт.

Транспорт экспедициясы келишими боюнча экспедитор товарларды бажылык документтештирүү милдетин аткарат же бул милдетти аткарууну үчүнчү жак – бажы брокерине тапшыра алат. Маалымат берүү милдети кардарга гана эмес, экспедиторго да коюлат. Экспедитор өзү жөнүндө жана көрсөтүлүүчү кызматтар жөнүндө зарыл, толук маалыматтарды берүүгө милдеттүү [61,9-бер.15п.].

Жогоруда аталып өткөн операцияларды тийиштүү ишке ашыруу мүмкүндүгүнө экспедитор ээ болушу үчүн кардар ага зарыл болгон жардамдарды көрсөтүүгө милдеттүү. Мисалы, кардар экспедиторго жүктү тапшыра турган жана кабыл ала турган жерлердин тизмесин, жүк кабыл алуучу катары болгон уюмдардын турган жайын, реквизиттерин ж.б. маалыматтарды берүүгө милдеттүү. Бул милдет Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 721-беренесинин нормаларында негизделет.

Экспедитордун өз милдетин аткаруу үчүн керек болгон учурда кардар ага ишеним кат берүүгө милдеттүү. Кардардын негизги милдети – экспедитордун акысын төлөп берүү. Ал акысынын өлчөмү тараптардын макулдашуусу менен аныкталууга тийиш. Жүктөрдү транспорттун ар түрү менен ташуу мезгилинде келип чыккан чыгымдарды тастыктаган үчүнчү жактар менен экспедиторго берилген төлөм документтери тиркелген эсептешүү боюнча чыгымдарды кардар экспедиторго төлөп берүүгө милдеттүү болот.

**Үчүнчү параграф** “Транспорт экспедициясынын келишими боюнча тараптардын жоопкерчилиги жана ага байланышкан укуктук көйгөйлөр” деп аталат. Мында, транспорттук милдеттемелерге жана алардын түрлөрүнө талдоо жүргүзүлөт. Транспорттук милдеттемелер жарандык-укуктук милдеттемелердин бир түрү катары каралып, ага жарандык–укуктук жоопкерчиликтин бардык белгилери таандык экендиги аныкталат. Жалпы белгилери менен бирге, транспорттук милдеттемелердеги жоопкерчиликтин өзүнүн өзгөчөлүктөрү каралат.

Транспорт экспедициялык милдеттемелер боюнча жоопкерчиликке ташуу жөнүндө эрежелерди толук колдонууга мүмкүн эмес. Анткени, ташуу келишими менен транспорт экспедициясы келишиминин ортосундагы тыгыз байланышка карабастан, өз алдынча транспорттук келишимдер катары

экөөнүн ортосунда айырмачылыктар бар, анткени, өзгөчө максаттары менен мазмундары боюнча ылайык келбейт. Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 33-главасында экспедитордун жоопкерчилигинин жалпы негизи бекитилген жана милдеттенмелердин аткарылбагандыгына күнөөлүү болбосо да, кардардын алдында экспедитор гана жооп берет. Бул кардар үчүн ыңгайлуу шарт. Ташуу келишимин же экспедиция келишимин тийиштүү аткарбагандыгынын кесепетинен милдеттеменин бузулуусуна алып келгендигине байланыштуу экспедитордун жоопкерчилигинин негиздери жана өлчөмү аныкталат.

Экспедициялык кызмат көрсөтүүдөн келип чыккан милдеттемелерге жарандык укуктук жоопкерчиликтин негиздери жөнүндө жалпы эрежелер колдонулат. Себеби, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы транспорттук мыйзамдары транспорт экспедициясы келишими боюнча жоопкерчилик жөнүндө атайын эрежелерди караштырбайт. Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 720-беренеси боюнча, Экспедиция келишими жөнүндөгү милдеттемелерди аткарбагандыгы үчүн же тийиштүү деңгээлде аткарбагандыгы үчүн экспедитор ошол Кодекстин 20-главасындагы эрежелерге ылайык белгиленген негиздер менен өлчөмдөр боюнча жооп берет. Экспедиторго доомат коюу үчүн жалпы үч жылдык мөөнөт колдонулат [2,212-бер.], ал эми жүк ташуу боюнча талаптарга тиешелүү доонун эскирүү мөөнөтү кыскартылган – бир жыл (КР ЖКнын 714-беренесинин 3-бөлүмү).

Мыйзамдарга жүргүзүлгөн талдоолордун натыйжасында мыйзам чыгаруучунун тараптардын ортосундагы далилдөө милдетин бөлүштүрүү боюнча эки учуру аныкталат: жүктөрдү сакталбагандыгына байланыштуу, ташуучуга өз күнөөсү жоктугун далилдөө милдетин жүктөгөндө анын күнөөлүүлүк презумпциясы колдонулат, ал эми эгерде ташуучунун күнөөсүн далилдөө милдети жүк жөнөтүүчүгө (жүк кабыл алуучуга) жүктөлгөндө, ташуучунун күнөөсүздүгү презумпциясы колдонулат. Ташуу келишими боюнча шарттардын бузулбагандыгы ташуучунун жүктүн сакталбашына тиешелүү күнөөсүнүн жоктугун далилдейт. Карызкор менен карыз берүүчүнүн аралаш жоопкерчилиги жөнүндө айтылат. Аралаш жоопкерчиликтин транспорттук мыйзамдар менен караштырылбагандыгы аныкталат.

## Жыйынтыктар

Автор тарабынан аткарылган диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында төмөндөгү негизги жыйынтыктар чыгарылган:

**1-жыйынтык.** Диссертациянын биринчи бөлүмүнүн биринчи параграфында, укуктук адабияттарды өздөштүрүү анализинин негизинде, транспорттук экспедиция келишиминин түшүнүгүнө маңыздуу негиздеме берилет. Тактап айтканда, транспорт экспедиция келишими өкүлчүлүк жөнүндө бүтүмдүн бир түрү катары кароого болот, анткени, өзүнүн мазмуну боюнча өкүлчүлүктүн бүт элементтерин өзүнө камтыйт.

**2-жыйынтык.** Диссертациянын биринчи бөлүмүнүн биринчи параграфында азыркы колдонуудагы Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 718-беренесинде экспедициялык кызматтарды негизги жана кошумча деп көрсөтүлгөн айрымалоочу критерий өзүн актабайт. Себеби, «негизги» кызматтарга кошуу белгиси катары, ташуу менен болгон байланыш эсептелинет. Кошумча кызматтарга кошуунун айрымалоочу белгиси катары, жүктү жеткизүү үчүн ишке ашыруу зарылдыгы аталат. Аталган ажыратуу белгиси так эмес, анткени, кошумча кызматтардын көпчүлүгү негизги ташууга байланыштуу болот, мисалы, жүктүн саны менен абалын текшерүү, аны жүктөө менен түшүрүү ж.б. Ошол эле учурда, бул бөлүү критерийлерди укуктук жана накталай деп атоо туура. Анткени, транспорттук экспедициялоо келишиминин ушундай формулировкасы, аталган келишимдин мазмунун толук ачып көрсөтөт.

**3-жыйынтык.** Диссертациянын биринчи бөлүмүнүн экинчи параграфында Кыргыз Республикасында транспорттук кызмат көрсөтүү чөйрөсүн мындан ары өркүндөтүү үчүн аралаш (мультимодалдык) ташууну өнүктүрүү багытында, жана азыркы учурдагы, эл аралык ишмердүүлүк кызмат чөйрөсүндөгү калыптанган адаттарды негиз кылып, аралаш ташуу оператор-экспедитордун укуктук абалын аныктоо менен бирге аралаш ташуу келишимин нормативдик жөнгө салуу зарыл.

**4-жыйынтык.** Диссертациянын биринчи бөлүмүнүн үчүнчү параграфында КР ЖК боюнча, кардардын макулдугу менен транспортту, ташуу багытын тандап алуу жөнүндө келишимде түздөн-түз караштырылышы керек деп чечилген, демек, экспедитор эрежелерде караштырылгандай кеңири өкүлдүккө ээ эмес, ошондуктан келишимде, экспедитор тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмеси анык көрсөтүлүүгө тийиш деген жыйынтык чыгарылган.

**5-жыйынтык.** Диссертациянын биринчи бөлүмүнүн үчүнчү параграфында транспорт экспедициялык кызматты толук кандуу укуктук жөнгө салууну камсыз кылуу үчүн жана сырткы экономикалык мамилелерде кызмат көрсөтүүчү Кыргызстандык экспедиторлордун кызыкчылыктарын коргоо үчүн “Транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүү тууралуу” мыйзамды кабыл алуусу сунушталат.

**6-жыйынтык.** Диссертациянын экинчи бөлүмүнүн биринчи параграфында укуктук адабиятттарда келтирилген келишимдерди классификациялоонун негизинде транспорт экспедиция келишимди автордук классификациясы сунушталат. Транспорт экспедициясы келишимдин жалпы максаты, предмети жана мазмунуна карай төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүүгө болот:

- жүктөрдү ташып жеткизүүнү камсыз кылуу жөнүндө транспорт экспедициясы келишими;
- ташуунун жекече учурларын транспорт эксапедициялык камсыздоо жөнүндө келишим;
- транспорт экспедициялык кызматтардын жеке түрлөрү жөнүндө келишим;

- транспорттун түрлөрү боюнча (темир жол, аба жана автотранспорт, деңиз жана ички суу транспорттору) экспедитордук кызмат көрсөтүү жөнүндө келишимдер.

Мындан тышкары, келишимдин аткарылуу аймагына карай: ички жана сырткы (эл аралык) жүк ташуу боюнча транспорт экспедициясы келишими деп бөлүүгө болот.

**7-жыйынтык.** Диссертациянын экинчи бөлүмүнүн экинчи параграфында, стивидорлук кызмат деп жүктүн сакталуусу менен коопсуздугун камсыз кылуу үчүн жүктү жүктөп, транспорт каражатына жайгаштыруу боюнча кызматтар эсептелинет.

**8-жыйынтык.** Диссертациянын экинчи бөлүмүнүн үчүнчү параграфында транспорт экспедициясынын ташуу менен тыгыз байланышта болгондугуна байланыштуу биримдүүлүктү камсыз кылуу максатында доонун эскирүү мөөнөтүн жалпы кыскартылган – бир жыл мөөнөткө өзгөртүүнү сунуштаган.

**Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору, корутундулары төмөндөгү илимий макалаларда жарыяланган:**


**1.** Кармышаков М.А. Правовое значение транспортно-экспедиционных услуг в процессе деятельности по организации перевозки груза, пассажиров и багажа в Кыргызстане [Текст] / М.А. Кармышаков // Известия вузов. - 2009. - № 9. – С. 31-33.

**2.** Кармышаков М.А. Предмет договора транспортной экспедиции: проблемы правоприменения [Текст] / М.А. Кармышаков // Известия вузов. - 2009. - № 10. – С. 45-47.

**3.** Кармышаков М.А. Каково правовой статус международного экспедитора – как представителя? [Текст] / М.А. Кармышаков // Наука и новые технологии. - 2010. - № 8. – С. 54-56.

**4.** Кармышаков М.А. Необходимость международного договора о транспортно – экспедиционной деятельности [Текст] / М.А. Кармышаков // Наука и новые технологии. - 2010. - № 8. – С. 68-70.

**5.** Кармышаков М.А. Юридическая связь договоров перевозки и транспортной экспедиции [Текст] / М.А. Кармышаков // Журнал «Социальные и гуманитарные науки». - 2010. - № 5-6. – С. 66-67.

**6.** Кармышаков М.А. Транспортно-экспедиционные услуги и его особенности [Текст] / М.А. Кармышаков // Международное научно-педагогическое издание «Высшая школа Казахстана». - 2011. - № 3. – С. 223-228.

**7**. Кармышаков М.А. Транспорт-экспедициялык келишимди укуктук жөнгө салуудагы кээ-бир тажрыйбалык көйгөйлөр [Текст] / М.А. Кармышаков // Наука и новые технологии. - 2011. - №8. – С. 53-55.

**8.** Кармышаков М.А. Особенности определения нормы ответственности экспедитора по договору транспортной экспедиции [Текст] / М.А. Кармышаков // Международное научно-педагогическое издание «Высшая школа Казахстана». - 2012. - № 3. – С. 116-120.

**Кармышаков Мирбек Абдикаримовичтин 12.00.03 – жарандык укук; ишкердик укук; үй-бүлөлүк укук; эл аралык жеке укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн "Кыргыз Республикасында транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүүнүн укуктук негиздери" темасында жазылган диссертациялык изилдөөсүнө**

## РЕЗЮМЕ

**Түйүндүү сөздөр:** укуктук каада-салттар, транспорт экспедиция келишими, эл аралык конвенциялар, экспедитор, аралаш ташуу оператору, экспедиторлор коомдоштугунун эл аралык Федерациясы (ФИАТА), экспедитор – ишеним алуучу (өкүл); экспедитор – комиссионер; экспедитор – коюучу жайдын ээси, жүктөрдү сактоочу; экспедитор – транспорт каражаттарын ижарага берүүчү; экспедитор – ташуучу, мультимодалдык ташуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн обьектиси** болуп, транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүүгө байланышкан коомдук мамилелер саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты -** жалпы келишимдер тутумундагы транспорт экспедициялык келишим түшүнүгү, тараптардын келишимди тийиштүү аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик өзгөчөлүктөрүнүн теориялык жана тажрыйбалык маселелери боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү - бул иштин негизги максаты болуп эсептелет.

**Изилдөө ыкмалары болуп** таануунун жалпы илимий диалектикалык ыкмасы болду, анын катарында теориялык анализдин жеке-илимий ыкмалары: формалдуу–логикалык, тарыхый, систематикалык ыкмалар колдонулду.

**Диссертациялык изилдөөнүн алынган натыйжалары жана жаңылыгы.** Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси кабыл алынгандан соң, транспорт экспедициялык келишимдин мазмунуна жана бул келишим боюнча тараптардын жоопкерчиликтеринин өзгөчөлүгүнө байланышкан көйгөйлөрдү изилдөөгө арналган биринчи комплекстүү изилдөө болгондугу менен мүнөздөлөт.

**Диссертациялык изилдөөнүн материалдарын колдонуу деңгээли.** Негизги корутунду жана сунуштарды мыйзам чыгаруу, укук колдонуу, илимий жана билим берүү ишмердүүлүгүндө, тактап айтканда, мамлекеттик бийликтин тийиштүү органдарында нормативдик укуктук актылардын долбоорун даярдоо ишинде, тийиштүү соттордун транспорт экспедициясы келишимине байланыштуу, тартыш маселени кароодо, транспорттук процессте экспедитордук тейлөөнү ишке ашырган коммерциялык ишканалардын тажрыйбалык ишмердүүлүгүндө, ошондой эле, жарандык жана ишкердүүлүк укугун окутуу тажрыйбасында колдонууга болот.

**Колдонуу тармагы:** юриспруденция, жарандык укук, транспорт уюмдарынын ишмердүүлүгү, укуктук чыгармачылык, укукту колдонуу ишмердиги.

# Резюме

**на диссертационное исследование Кармышакова Мирбека Абдикаримовича на тему “Правовые основы транспортно-экспедиционных услуг в Кыргызской Республике” на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.03 – гражданское право; предпринимательское право; семейное право; международное частное право.**

**Ключевые слова:** правовые обычаи, договор транспортной экспедиции, международные конвенции, экспедитор, оператор смешанных перевозок, Международная федерация экспедиторских ассоциаций (ФИАТА), экспедитор – представитель; экспедитор – комиссионер; экспедитор – собственник склада, хранитель грузов; экспедитор – арендатор транспортных средств; экспедитор – перевозчик, мультимодальные перевозки.

**Объект диссертационного исследования -** общественные отношения, связанные с оказанием транспортно-экспедиционных услуг.

**Цель диссертационного исследования** – проведение исследования транспортно-экспедиционных услуг в системе гражданско-правовых договоров, также исследование теоретических и практических задач относительно ответственности сторон договора при неисполнении обязательств.

**Методы диссертационного исследования** – научно диалектический метод познания, частный научный метод теоретического анализа, формально-логический, историко-систематический метод и др.

**Научная новизна диссертации** – является первым комплексным научным исследованием посвященным содержанию договора транспортной экспедиции, а также, изучению проблем связанное с особенностью ответственности сторон по данному договору.

**Степень использования материалов диссертационной работы:** основные положения и предложения могут быть использованы; в нормотворческой, правоприменительной, научной и образовательной деятельности, точнее, при подготовке проектов нормативно-правовых актов соответствующим органом государственной власти, при разрешении спорных вопросов относительно транспортно экспедиционного договора в соответствующих судебных органах, на практике коммерческих организаций осуществляющих экспедиционное обслуживание в транспортном процессе, также на практике обучения гражданского и предпринимательского права**.**

**Область применения -** юриспруденция, гражданское право, деятельность транспортных организаций, юридическая деятельность, правоприменительная деятельность.

**Resume**

for the dissertation thesis of Karmyshakov Mirbek Abdikarimovich on the topic: "Legal bases transport-expeditionary services in the Kyrgyz Republic" for the degree of candidate of the legal sciences. Speciality: 12.00.03 - civil law, business law, household law, international private law.

**Keywords:** legal traditions, contract of freight forwarding, international conventions, freight forwarders, multimodal transport, International Federation of Freight Forwarders Associations (FIATA), freight forwarder-representative, shipping agent-broker, freight forwarder-owner of the warehouse, keeper of goods; forwarder-tenant of vehicles, freight forwarder-carrier, multimodal transport.

**The object of the research** - public relations related to the provision of freight forwarding services.

**The purpose of the research** - a study on forwarding services in the system of civil contracts and a study of the theoretical and practical issues relating to the responsibility of the parties in default under the contract.

**The methods of the research** - scientific dialectical method of cognition, private scientific method of theoretical analysis, formal-logical, historical and systematic method, and others.

**Scientific novelty of the thesis** is that it is a first comprehensive scientific study on the content of the contract of freight forwarding, as well as the study of the problems associated with the particular responsibility of the parties to the agreement.

**The degree of use of the thesis:** the fundamentals and suggestions can be used in the rule-making, enforcement, research and educational activities, more precisely, in the drafting of laws and regulations by the relevant state authorities, in resolving disputes over freight forwarding contract at the relevant tribunals, in practice, commercial organizations offering forwarding services in the transport process, also on the teaching practice of civil and business law.

**Application scope** - law, civil law, activities of transport organizations, legal work, law enforcement.